Сүт фермаларынын резервдери толугураак пайдаланылсын

(Башталышы 1-бетте).

тиричилик шарттары түзүлбөгөн.

Кеңешмеде саан бадаларын тоюттандыруунун, аларды асыроонун режимдери бузулуп жаткан конкреттүү фактылар келтирилди. Алсак, Фрунзе атындагы колхоздо августта гана сүт - өндүрүү 744 центнерге, ал эми аны сатуу 32 центнерге төмөндөтүлгөн. Саан былтыркы ушул мезгилге салыштырганда 31 килограммга азайган. Тоют жеткирүүдө мүчүлүштөр болуп жатат. Айрым уйканаларда автосугаргычтар оңдолбогон, ушул чарбада селекциондук - асылтукумдандыруу иши каралбай калган. 376 кунаажындын 212си гана уруктандырылган. Туут бөлүмүндө бир гана киши иштейт, дежурлук уюштурулбаган. Натыйжада тууган уйлар кароосуз калууда. Малканалардын баары булганч. Комплекстердин аймагындагы санитардык абал жаман. Фермада өндүрүмсүз мал чыгымдоого жол берилүүдө. Өткөн 8 айда 159 баш мал аргасыз союлган.

Киров атындагы колхоздо уйлардын рационунда тоюттун жетиштүү өлчөмү бар. Аштоолорго көк беде жана жүгөрү, ашкабак жана аралаш тоют салынат. Бирок тоют жыйноочу техниканын бузулушунан тоют жеткирүүдө мүчүлүштөр болгон. Ошондон улам фермадагы ишиндеги олуттуу кемчилик саан бадаларын толуктоого көңүл бурулбагандыгы болуп саналат.

Ушул колхоздун төртүнчү сүт-товар фермасына өтө оор абал түзүлүүдө. Кадрлар толук комплектелбеген. Алмаштыруучу саанчылар да жок. Адамдар дем алышсыз иштешүүдө.

«Заветы Ленина», «1-Май», «Алга» колхоздорунун, «Искра» совхозунун сүт-товар фермаларынын иштеринде да орчундуу кемчиликтер бар. Булар тоют жеткирүүдө үзгүлтүккө жол беришип, баданы толуктоого аз көңүл бурушуп, дарылоо - профилактикалык иштерди жаман жолго коюшкан. Ушунун бардыгы саан бадасынын продуктуулугун өстүрүү темпин токтотуп жатат. Саан боюнча булар райондук деңгээлден кыйла артта калышууда.

Кеңешмеде партиялык жана профсоюз уюмдары, Советтик жана чарбалык органдар кыска мөөнөттө бардыгын кылдат талдап чыгышып, сүт-товар фермаларынын иштерин жакшыртуунун зарыл чараларын көрүүгө милдеттүү деп көрсөтүлдү..

Кеңешмеде Кыргызстан КП Кант райкомунун биринчи секретары **П. И. Манченко** чыгып сүйлөдү.

Кеңешменин ишине эл депутаттарынын Кант райондук Советинин аткаруу комитетинин председатели **А. Ж. Тукбашев** катышты.

У. ЕСЕНАЛИЕВ.



«1-Май» колхозунун эмгекчилери Улуу Октябрдын 70 жылдыгын тосууга эмгектеги жакшы көрсөткүчтөрү менен келе жатышат. Алар менен бирге колхоздун устасы А. Л. Лакман (сүрөттө) өзүнүн жумуш ордунда мыкты эмгектенүүдө.

А. БЕЛОВдун фотосу.

ЖАЗЫЛУУ КАМПАНИЯСЫ ЖҮРҮП ЖАТАТ

Чекене сатуунун проблемалары

Коллективдерде, ишканаларда газета жана жур-

ринин үй-бүлөлөрү көп жашаган экинчи микрорайон-